*2022 - жыл.* *Сабак: Адабий окуу* *4- класс.*

**Сабактын темасы:** Кожожаш мерген.

| | | |
|---|---|---|
| **Негизги компетенттүүлүктөр:**<br>1. *Маалыматтык;*<br>2. *Социалдык- коммуникативдик;*<br>3. *Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү;* | | **Сабактын тиби:** Аралаш<br>**Сабактын формасы:**<br>**Колдонулуучу ыкмалар:** Айтып берүү, аңгемелешүү, суроо- жооп ж.б.<br>**Керектелүүчү каражаттар:** Темага байланыштуу таркатмалар, карточкалар, сүрөттөр ж.б.<br>**Предмет аралык байланыш:** |
| № | ***Сабактын максаттары*** | ***Көрсөткүчтөр*** |
| 1 | ***Билим берүүчүлүк:*** *Окуучулар Кожожаш мерген боюнча маалымат алышат. Теманы окуу менен жаныбарларга, жаратылышка аяр мамиле жасоо керектигин билишет.* | *Окуучулар Кожожаш мерген боюнча маалымат алышса. Теманы окуу менен жаныбарларга, жаратылышка аяр мамиле жасоо керектигин билишсе.* |
| 2 | ***Өнүктүрүүчүлүк:*** *Логикалык ойлоосу, ой жүгүртүүсү, эске сактоосу, кабыл алуусу, сөз байлыгы, сүйлөө кеби калыптанат.* | *Логикалык ойлоосу, ой жүгүртүүсү, эске сактоосу, кабыл алуусу, сөз байлыгы, сүйлөө кеби калыптанса.* |
| 3 | ***Тарбиялык:*** *Жаныбарларга, жаратылышка аяр мамиле жасоого тарбияланышат.* | *Жаныбарларга, жаратылышка аяр мамиле жасоого тарбияланышса.* |

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын этаптары | Убак-тысы | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Компетент-түүлүгү | | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1. Уюштуруу.** | 3мин. | Окуучулардын формаларына, окуу куралдарын, класстын гигиеналык абалын көзөмөлдөйт. | Окуучулар өздөрүнүн формаларына, гигиеналык абалдарына, окуу куралынын абалдарына жооп беришет. | | | Текшерүүчү, калыптандыруучу баанын негизинде |
| **2.Өтүлгөн теманы кайталоо.** | 3-5 мин. | Жалпы класска төмөндөгүдөй суроо менен кайрылат:<br>- Манас, Семетей, Сейтек бабаларыбыздан алган сабактарыңар | Окуучулар суроолорго жооп берүү менен өтүлгөн теманы кайталашат. Үйгө берилген тапшырманы, жазып келген дил баянын окуп беришет. | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | туурасында чакан дил баян жазып келдиңерби? | | | | |
| **3. Жаңы теманы түшүндү-рүү** | 5-7 мин. | ***Мугалимдин сөзү:*** *Элде "Болсоң, Кожожаштай мерген бол" деген сөз айтылат. Эмесе, ошол Кожожаш мерген кандай болду экен? Окуп ишенели.* | Окуучулар Кожожаш мерген боюнча маалымат алышат. Теманы окуу менен жаныбарларга, жаратылышка аяр мамиле жасоо керектигин билишет. | | | |
| 4. Жаңы теманы бышыктоо. | 7- 10 мин. | - Анда эмесе, аскада калган Кожожаштын Зулайкага айткан керээзи жөнүндө болмокчу.<br>- Көркөм окугула. | Кейибегин алганым,<br>Кетти ичимде арманым,<br>Бир эчкинин зарынан,<br>Билбедим ташта калганым. .... | | | |
| | | | | | | |
| 5. Талкуулоо үчүн суроо. | 10мин | - Жаратылыш байлыктарын, жан – жаныбарларды сактоо үчүн биз эмне кылышыбыз керек деп ойлойсуңар? | Окуучулар суроого жооп берүү менен талкуу жүргүзүшөт. | | | |
| 6. Тема боюнча тыныгуу. | 5мин. | Мугалим окуучуларды эс алдыруу максатында оюн ойнотот. | Окуучулар темага байланыштуу оюн ойноп, андан ары сабагын улантышат. | | | |
| 7. Сабакты жыйынтык-тоо | 5мин. | Мугалим сабакты жыйынтыктоо максатында карточкаларды таратат.<br>1. Кожожаш камалып калган аска – зоонун бийиктигин көз алдыңарга келтиргилечи.<br>2. Ал кайберендерди аяп мамиле кылганда, аскада калбас беле?<br>3. Кожожаштын ушундай абалда калышы эмненин натыйжасы? | Окуучулар суроолорго жооп берүү менен сабакты жыйынтыкташат. | | | |
| 8. Үйгө тапшырма берүү. | 3мин. | - Макалдарды текстке жараша чечмелеп, түшүндүргүлө. | Макалдарды текстке жараша чечмелеп, түшүндүрүшөт. | | | |

Тиркеме№18«Керемет окуу» добоору (план) фото

